КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

# ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

**2024-жылдын 15- март № 06** **Оргочор айылы**

**“Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесин мамлекеттик каттоодон өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 370 “Кыргыз Республикасынын айылдык аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2023-жылдын 15-август айындагы №318 тескемеси жана Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 25-август айындагы №02-28/2319 катын жетекчиликке алып жергиликтүү кеңеш **токтом кылат:**

1. “Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 370 “Кыргыз Республикасынын айылдык аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгынын негизинде төрт айыл өкмөтү (Ак-Дөбө, Ак-Шыйрак, Оргочор, Светлая Поляна) бириккендигине байланыштуу түзүлгөн “Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
2. Айыл өкмөтүнүн уюштуруу-укуктук формасы – мекеме.

   Толук фирмалык аталышы:
   - Мамлекеттик тилде: “Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси;
   - Расмий тилде: Учреждение “Айыл окмоту айылного аймака Оргочор”;

   Айыл өкмөтүнүн кыскартылган фирмалык аталышы:
   - Мамлекеттик тилде: “ Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтү” м-и;
   - Расмий тилде: У-е “ Айыл окмоту айылного аймака Оргочор”;
   - Мекеменин жайгашкан жери (юридикалык дареги): Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Жети-Өгүз району, Оргочор айылы, Токтогул көчөсү №8.

3. “Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесинин Жобосу жаңы редакцияда бекитилсин.

4. Ак-Дөбө, Ак-Шыйрак, Оргочор жана Светлая Поляна айыл аймагынын айыл өкмөттөрүнүн өткөрүп берүү актылары бекитилсин.

5. “Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесинин уюштуруучусу болуп “Оргочор айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши” мекемеси эсептелинсин.
   Каттоо номери: 301043-3302-У-е, ИУЖКнын коду: 32664434
   ИСН: 02003202410191, Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл олбусу, Жети-Өгүз району, Оргочор айылы, Токтогул көчөсү №8

6. Ысык-Көл областтык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Г.Мокешовага милдеттендирилсин.

Мамлекеттик каттоо жөнүндө чечимде андагы көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтерди маалыматтардын анык экендиги ырасталат.

Төрага А.Тыныбеков